# Мамлекеттик казына облигациялар рыногу
## *(2012-жылдын сентябрь айы)*

Сентябрь айы ичинде биринчилик рыногунда Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча аукцион болуп өттү. Анын жыйынтыгында рыноктун катышуучулары 281,0 млн. сом суммасында баалуу кагаздарды сатып алышкан, бул өткөн айдагы көрсөткүчтөн 57,5 пайызга төмөн. Сатуулардын мындай төмөндөөсү коммерциялык банктар (болгону эки коммерциялык банк кызыгуусун билдирген) тарабынан жигердүүлүктүн азаюусунан, ошондой эле 2012-жылдын июнь айынан тартып жигердүү катышкан институционалдык инвестордун МКОлорду сатып алуусунун суммасынын азаюусунун эсебинен келип чыккан. Канааттандырылган суроо-талаптын деңгээли 60,1 пайызга көбөйүп, 99,3 пайызды түзгөн. Ошол эле учурда баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү өткөн айдагы көрсөткүчтүн деңгээлинде 14,5 пайызда сакталып калган. МКВлар боюнча кирешелүүлүктүн салыштырмалуу жогорку деңгээлде болушуна карабастан, мамлекеттик баалуу кагаздын бул түрүнө карата, булардын ресурстук базасынын кыска мөөнөттүүлүгүнөн улам, көпчүлүк банктардын кызыгуулары салыштырмалуу төмөн бойдон калууда.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




Сентябрь айында жүгүртүүдөгү МКОлордун көлөмү 4,1 млрд. сомго жетип, ай ичинде 4,0 пайызга жогорулаган. Ошол эле учурда институционалдык инвестордун үлүшү 5,5 пайыздык пунктка (40,3 пайызга чейин) жогорулаганы байкалган, коммерциялык банктардын салыштырма салмагы 5,4 пайызга төмөндөгөн жана 59,7 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Ал эми резиденттердин- юридикалык жактардын үлүшү мурдагыдай эле 0,1 пайыздык деңгээлде калган.

Бир айдын жыйынтыгы боюнча МКОлордун биринчилик рыноктогу концентрациялануу[1] индекси 0,49ду түзгөн, бул концентрациялануу деңгээлинин жогору экендигин көрсөтөт жана рынокто бирдей үлүшү менен эки инвестордун катышуусуна дал келет.

Каралып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКО операциялар жүргүзүлгөн эмес.

---

[1] Бул индекс банктардын портфелиндеги баалуу кагаздардын концентрациясынын даражасын көрсөтөт. Концентрация индекси Херфиндал-Хиршмандын ыкмасы боюнча эсептелет жана жалпы көлөмдөгү көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейинки маанилер интервалында жатат. 0,10дон аз индекс мааниси концентрациянын төмөнкү деңгээлине дал келет; 0,10дон 0,18ге чейинки индекс маанилери концентрациянын ортоңку деңгээлине; 0,18ден жогорку маанилер концентрациянын жогорку деңгээлине дал келет. Мисалы, 0,50гө барабар болгон концентрация индекси рынокто бирдей үлүштөгү эки катышуучунун катышуусуна эквиваленттүү; ал эми 0,30 – үч катышуучунун ж.б.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банкы | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Аяк оона'2011 | 2 752 012,0 | 70 685,7 | 2,6% | 1 861 097,7 | 67,6% | 817 283,6 | 29,7% | 2 945,0 | 0,1% |
| Тогуздун айы | 2 927 012,0 | 500 940,7 | 17,1% | 1 888 929,5 | 64,5% | 532 494,6 | 18,2% | 4 605,2 | 0,2% |
| Жетинин айы | 3 056 703,0 | 500 940,7 | 16,4% | 1 881 130,5 | 61,5% | 671 484,6 | 22,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бештин айы | 3 035 970,0 | 0,0 | 0,0% | 1 857 228,9 | 61,2% | 1 175 593,9 | 38,7% | 3 105,2 | 0,1% |
| Үчтүн айы'2012 | 3 047 170,0 | 0,0 | 0,0% | 1 868 428,9 | 61,3% | 1 175 593,9 | 38,6% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бирдин айы | 3 092 940,0 | 0,0 | 0,0% | 1 914 198,9 | 61,9% | 1 175 593,9 | 38,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Жалган куран | 3 055 690,0 | 0,0 | 0,0% | 1 921 038,9 | 62,9% | 1 131 503,9 | 37,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Чын куран | 3 145 470,0 | 0,0 | 0,0% | 2 011 168,9 | 63,9% | 1 131 153,9 | 36,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бугу | 3 234 570,0 | 0,0 | 0,0% | 2 099 268,9 | 64,9% | 1 131 153,9 | 35,0% | 4 105,2 | 0,1% |
| Кулжа | 3 229 690,0 | 0,0 | 0,0% | 1 994 368,9 | 61,8% | 1 231 173,9 | 38,1% | 4 105,2 | 0,1% |
| Теке | 3 449 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 164 368,9 | 62,7% | 1 281 183,9 | 37,1% | 4 105,2 | 0,1% |
| Баш оона | 3 936 450,0 | 0,0 | 0,0% | 2 563 273,2 | 65,1% | 1 369 974,6 | 34,8% | 3 160,2 | 0,1% |
| Аяк оона | 4 092 450,0 | 0,0 | 0,0% | 2 441 373,2 | 59,7% | 1 647 874,6 | 40,3% | 3 160,2 | 0,1% |